«БЕКИТЕМИН»
С. Нааматов атындагы НМУнун
ректору ____________ Э. М. Байбагышов
_____апрель_____2022-жыл.

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин
Илимий-техникалык кеңеши жөнүндө

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Илимий-техникалык кеңеш (мындан ары – ИТК) С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары – Университет) туруктуу иштөөчү кеңешүүчү-сунуштоочу органы болуп саналат да, Университетке караштуу Инновациялык илимий-изилдөө институтунун курамында турат.

1.2. Өзүнүн ишмердүүлүгүндө ИТК Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларын, Университеттин Уставын, ушул Жобону жана башка локалдык ченемдик-укуктук актыларды жетекчиликке алат.

1.3. ИТК жөнүндө жобо Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилет.

1.4. ИТКтин курамы кафедра башчыларынын сунуштарынын негизинде илим жана өнүктүрүү боюнча проректордун көрсөтүүсү боюнча Окумуштуулар кеңешинде ачык добуш берүү аркылуу Университеттин ректорунун буйругу менен 2 (эки) окуу жылына 30-сентябрдан кечиктирбей, бекитилет.

1.5. Илимий-техникалык кеңештин алгачкы отурумунда анын мүчөлөрүнүн ичинен төрагасы жана катчысы ачык добуш берүү жолу менен шайланат

1.6. Өзүнүн компетенциясына кирүүчү маселелер боюнча ИТКтин чечимдери сунуштоочу мүнөздө болот.

## 2. ИТКтин максаты жана милдеттери

2.1. ИТКтин ишмердүүлүгүнүн максаты илим, инновациялар жана техника чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу менен байланышкан маселелерди кароодо ишмердүүлүктү уюштуруу жана ыкташтыруу; кафедраларда жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдө аткарылуучу илимий изилдөөлөрдү жана инновациялык ишмердүүлүктү иштеп чыгуу жана деңгээлин жогорулатуу; жогору квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды (илимдин докторлорун жана кандидаттарын) даярдоонун жана студенттердин илимий-изилдөө ишинин майнаптуулугун жогорулатуу

болуп саналат.

2.2. ИТКтин негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- Университеттин окумуштуулары тарабынан илимдин жана техниканын артыкчылыктуу багыттарын өнүктүрүү, илимий-техникалык прогрессти тездетүүдөгү университеттик илимдин ролун жогорулатуу, Университеттин илимий жана интеллектуалдык дараметин майнаптуу колдонууну камсыздоо, аны туруктуу өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүү;
- илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттарында жана интеллектуалдык менчик менен иштөөдө фундаменталдуу жана изденүүчүлүк изилдөөлөрдү артыкчылыктуу өнүктүрүүнү камсыздоо;
- илимий-изилдөө иштерин мерчемдөөнү жана аларды уюштурууну формаларын ж.б.у.с. өркүндөтүү;
- Университеттин илимий дараметин сактоо, илимий-педагогикалык жамааттарды өнүктүрүү, жогору квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды (илимдин докторлорун жана кандидаттарын) даярдоо боюнча сунуштар менен чараларды иштеп чыгуу;
- Университеттин жана илимий уюмдардын ортосундагы интеграциялык процесстерге көмөктөшүү;
- окуп жаткандардын (студенттердин, магистрантардын, аспиранттардын) илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүүгө көмөктөшүү;
- илимий изилдөөлөрдү маалыматтык камсыздоо боюнча сунуштар менен чараларды иштеп чыгуу;
- илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын билим берүү процессинде колдонуу боюнча сунуштарды жана чараларды даярдоо;
- Университетте ишке ашырылып жаткан илимий изилдөөлөр менен иштелмелердин негизги натыйжаларын талдоо жана баалоо;
- илимий-инновациялык түзүмдөрдү түзүү жана кайра түзүү, илимий жабдууларды жаңыртуу боюнча сунуштарды даярдоо;
- ИТКтин жыл соңундагы отурумунда өзүнүн бир жылдык ишмердүүлүгү тууралуу отчет берүү.

## 3. ИТКтин кызматтары

3.1. Илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнү оптималдаштыруу, жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөрдүн майнаптуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган иш-чараларды иштеп чыгуу.

3.2. Университеттин илимий ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруучу түзүмдүк бөлүмдөрдүн илимий жана инновациялык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн пландарын кароо жана бекитүү.

3.3. Кыргыз Республикасынын сыйлыктарын, эл аралык сыйлыктарды изденип алууга жана ардактуу наамдарды ыйгарууга көрсөтүлгөн илимий-изилдөөчүлүк жана инновациялык иштер боюнча материалдарды кароо.

3.4. Университеттин базасында өткөрүлүүчү илимий жана илимий-техникалык иш-чаралардын планын түзүү боюнча сунуштарды кароо.

3.5. Көргөзмө-жарманке иш-чараларында көрсөтүү жана катышуунун жыйынтыктары боюнча отчетторду берүү үчүн Университеттин көбүрөөк келечектүү иштелмелеринин ар жыл сайынкы тизмесин кароо.

3.6. Университеттин илимий жана интеллектуалдык ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын коммерциялаштыруу боюнча сунуштарды кароо.

3.7. Университетте рейтингдерди түзүү үчүн Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн илимий жана инновациялык ишмердүүлүгүн баалоочу чен-өлчөмдөр менен көрсөткүчтөр боюнча сунуштарды кароо.

## 4. ИТКтин ыйгарым укуктары

4.1. Өзүнүн компетенциясынын чектеринде Университеттин илимий-инновациялык программаларды ишке ашыруу ишмердүүлүгүн уюштурууга, ыкташтырууга жана өркүндөтүүгө тиешелүү чечимдерди кабыл алуу.

4.2. Кафедралардан илимий-инновациялык ишмердүүлүк боюнча зарыл материалдарды суроо жана алуу.

4.3. Илимий материалдар менен долбоорлордун маселелерин изилдөө, экспертиза жүргүзүү үчүн жумушчу топторду, комиссияларды түзүү.

4.4. ИТКтин ишине катышууга иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн, кафедралардын илимий-педагогикалык кызматчыларын, илимий темалар менен долбоорлордун жетекчилерин чакыруу.

4.5. Университеттин илимий-изилдөө темаларынын алкактарында изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн түзүлүүчү убактылуу чыгармачыл жамааттардын курамына ИТКтин мүчөлөрүн сунуштоо.

## 5. ИТКтин иштөө тартиби

5.1. ИТК өзүнүн отурумдарын зарылдыгына жараша, бирок кварталына бир жолудан кем эмес өткөрөт.

5.2. ИТКтин отурумдары ачык өткөрүлөт, аларга зарылдыгы болсо Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү, ошондой эле башка уюмдардын өкүлдөрү чакырылат.

5.3. Эгерде отурумга ИТКтин мүчөлөрүнүн тизмедеги курамынын

жарымынан көбү катышса, ИТК өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкактарында чечимдерди кабыл алат.

5.4. Чечимдер ачык добуш берүү аркылуу добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат.

5.5. ИТКтин чечимдери протокол менен таризделет, ага төрага жана катчы кол коюшат.

5.6. Зарылдыгы болсо айрым маселелер боюнча ИТКтин отурумунун протоколунан көчүрмө таризделет.

5.7. ИТКтин катчысы отурумдарды даярдоону уюштурат жана отурумдардын протоколдорун 5 жыл бою сактоону камсыздайт, ушул мөөнөт өткөндө документтерди архивге өткөрөт. Протоколдордун нумерациясы календардык жылдын башынан баштап №1ден башталат.

5.8. ИТКтин төрагасы жана (же) төрагасынын орун басары ИТКтин чечимдеринин аткарылышына көзөмөлдү уюштурушат да, алардын аткарылышы жөнүндө ИТКтин мүчөлөрүнө кийинки отурумдарда маалымдашат.

5.9. ИТКке жүктөлгөн кызматтарды аткаруу үчүн, анын төрагасы Университеттин окутуучуларынан жана илимий кызматчыларынан, ошондой эле башка кызыкдар уюмдардын өкүлдөрүнөн, убактылуу же туруктуу иштөөчү жумушчу топторду, комиссияларды, чыгармачыл жамааттарды түзүүгө укуктуу болот.

## 6. Корутунду жоболор

6.1. Ушул Жобо Университеттин Окумуштуулар кеңеши бекиткен жана ректор буйрук чыгарган учурдан баштап күчүнө кирет.

6.2. Жобого өзгөртүүлөр менен толуктоолор Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен киргизилет.

**Макулдашылды:**

**Илим жана өнүктүрүү боюнча проректор** **А. С. Жантаев**

**Юрист** **Н. Т. Андабеков**